❑ *БЕЛГИЛҮҮ АДАМДАРДЫН ТУРМУШУНАН*

# ТИМУРДУН НЕБЕРЕСИ - УЛУКБЕК

Бизди кызыктырган орто кылымдын улуу астроному Улугбек Темирландын небереси болгон. Темирлан деген ат фарс тилинен алынган жана Чолок Тимур деген маанини берет.

Шахрухтун уулу Улугбек 1394-жылы Тимурдун согуш чабуулдарынын учурунда туулган, бул анын келечектеги тагдырын аныктады, анткени ал жаш балалык күндөн баштап эле чоң атасын бардык жүрүүлөрдө дайыма күзөтүп жүргөн. Тимур каза болгондон баштап анын балдарынын жана неберелеринин ортосунда келишпөөчүлүктөр күч алып, бийлик үчүн согушууга чейин барышкан жана ортодон төрт жыл өткөндөн кийин гана ал Тимурдан калган мураска ээ болууга жетишкен, өзү Гератта калып, Улугбекке Самаркандды берген.



Падышачылыктын алгачкы жылдарында өз мамлекетинин чек араларын чыңдоо үчүн бир катар согуштук жүрүштөрдү жүргүзгөн, салыштырмалуу тынчтык мезгилдери келгенде Тимурдун небереси таң каларлык нерселерди жасоо менен илимий иштерди жүргүзгөн. Ал өзүнчө (диний медреселерге каршы) мектептерди уюштуруп, кооз имараттарды куруп өз тегерегине белгилүү акындарды, астрономдорду, врач жана тарыхчыларды топтогон. Андан тышкары, ал өзү ырлар жазып, Кытай, Монгол, Алтын Ордо, Ирандын тарыхын түзүүдөгү чоң илимий эмгекке активдүү катышкан. Анын эң негизги кызыкканы астрономия болуп калган. 1908-жылы орус археологу В.Л.Вяткин тарабынан Самарканд шаарынын чегиндеги дөбөдөн Улугбек тарабынан курулган астрономиялык обсерваториянын урандылары табылган. Мындай обсерватория өз убагында Азия жана Европада болгон эмес.

Байыркы грек жана европалык астрономдор жылдыздарга байкоолорду жүргүзүү үчүн жыгачтан жасалган өлчөөчү аспаптарды иштетишкен. Ал эми Улугбек болсо өзүнүн обсерваториясында өлчөмү бир метрден ашкан таштан жасалган бурч өлчөөчү аспаптарды курган бул илимий изилдөөлөрдү дагы тагырак жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген.

Ал түзгөн миңден ашык жылдардын жайгашкан абалынын аныктыгы жөнүндөгү таблицалар азыркы убакта да эбегейсиз кызыгууларды пайда кылууда, анткени кийинки 500-600 жылдар аралыгында жылдыздардын жылып жүрүшү жөнүндө тынымсыз астрономиялык байкоолорду алып барууга жардам берет.

Улугбек астрономия менен илимий иштерди жүргүзүү менен диний үрп-адаттарды назарга албаган. "Дин туман сыяктуу таркап кетет, падышачылык кыйрайт, ал эми окумуштуулардын эмгеги түбөлүккө калат" - деп жазган, анын көз алдында чоң атасынын падышачылыгы кыйраган.

Улугбек терең жашыруун түрдө өзүнө ишеничтүү адамдардан турган чоң эмес отряд түзүп, укмуштуу көрсөтүүчү түтүктү алып келүүгө жумшаган. Бирок, шейхтер анын уулу Абдал-Латифге анын атасы ага каршы жашыруун аракеттерди жасап жатат деп жеткиришет жана бул маселеге динсиздерди тартып жатат деп билдиришет, отряддын артынан куугун жөнөтүлүп, кыска кармашууда аларды жок кылышып Улугбекке эки жүздүүлүк менен бийликтен кетишин жана ажылыкка Меккеге баруусун талап кылышат.

Бирок, шейхтер Самарканда боло турган жолугушууга чейин эле Улугбекке жашыруун түрдө өлүм жазасын чыгарып коюшкан, аны ишке ашырууну Сулдуз уруусунан кандайдыр бир белгисиз Аббас аттуу адамга жүктөшкөн. Арадан үч күн өткөндөн кийин Улугбек өз адамдары менен ажылык сапарга чыгып, бир кыштактын жанында бара жатышканда чабаган келип, шейхтердин айтуусуна караганда ажыга жанжөкөрлөрү менен анын үстүнө барууга болбойт деп кабарлайт жана ал ажыга баруучу жолду жалгыз, жол көрсөтүүчүнүн жардамы аркылуу баруу керектигин айтат. Куралсыз калган Улугбекти Аббас атчан кууп жетип кылыч менен чаап өлтүргөн. Анын ишенимдүү адамдарынын камкордугунун натыйжасында ачык асман астында калып кеткен денеси алынып кетилген.

Улугбектин баласы Абдал-Латиф атасы өлтүрүлгөндөн жарым жыл өткөндөн кийин 1450-жылдын жай айларында өзү да өлтүрүлгөн. Ал каза тапкандан кийин Улугбектин сөөгү Самарканд шаарындагы Гур-Эмир мавзолейине коюлган.

**"Совершенно не секретно" газетасынан алып даярдаган Эгемкул НАЗЫРКУЛОВ.**